УДК: 894.345.

DOI: 10.35254/bhu.2019.47.30

Токтосунова А.М.
Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун улук окутуучусу

КӨРКӨМ ТЕКСТТЕГИ ДИАЛОГДУН ТАБИЯТЫ

ПРИРОДА ДИАЛОГА В ХУДОЖЕСТВЕННОМ ТЕКСТЕ

THE NATURE OF THE DIALOGUE IN THE ARTISTIC TEXT

Аннотация. *Макалада көркөм тексттеги диалогдун табияты жана аткарган кызматы жөнүндө сөз болот. Мисалдагы диалогдор Ч.Айтматовдун, Т.Касымбековдун чыгармаларынан алынып, талдоо жүргүзүлдү. Диалогдук кептин көркөм чыгармадагы орду жана оозеки кептеги диалогдон айырмачылыгы жөнүндө маалымат берилди. Диалог каармандардын деңгэлин, социалдык, моралдык, психологиялык, интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүн, коомдогу социалдык-психологиялык кырдаалды ар тараптуу туюндурушу тууралуу сөз козголот. Ошону менен бирге диалогдун автордук идеяга, анын тажрыйбасына, чеберчилигине, дүйнө таанымына, чыгармачылык деңгээлине байланыштуу макалада белгиленди. Диалог аркылуу образ түзүү, дүйнөнү образдуу чагылдырылып берилери мисалдар менен бекемделди. Б.Усубалиевдин, Т.С.Маразыковдун пикирлери жетекчиликке алынды.*

Түйүндүү сөздөр: *диалог, коммуникация, коннотация, стиль, семантика, функционалдык стиль, эстетика, прагматика, образ, подтексттик информация.*

Аннотация. *В этой статье рассматриваются природа диалога и его роли в художественном тексте. Анализ приведен на примерах произведений Ч. Айтматова и Т. Касымбекова. Дана информация места диалога в художественных произведениях и устной речи, и различия от устной речи. В статье речь идёт о роли диалога в социально-психологической, моральной, интеллектуальной характеристике героев в различных социально-психологических ситуациях. В статье отмечается, что диалог связан с идеями, опытом, мировоззрением, уровнем творческого мастерства автора. Приведены примеры того, что через диалог создаются образы, даётся образная картина мира в различных условиях и ситуациях в художественной литературе. Взяты за руководство мнения Б.Усубалиева и Т. Маразыкова.*

Ключевые слова: *диалог, коммуникация, коннотация, стиль, семантика, функциональный стиль, эстетика, прагматика, образ, подтекстная информация.*

Annotation. *In the article the speech is going about the nature of dialogue and the literary text. The dialogues on examples are from Ch. Aitmatov's and T. Kasymbekov's works and they were analysed. It has been informed about the difference the role of dialogue in creative works and conversational speech. The article deals with the role of dialogue in the socio-psychological, moral, intellectual characterization of the characters in various socio-psychological situations. The article notes that the dialogue is connected with the ideas, experience, worldview, level of the creative skill of the author. Examples are given that images are created through dialogue, an imaginative picture of the world is given in various conditions and situations in fiction.The article has been guided by the opinions of T. Marazykov and B. Usubaliev.*

Keyword: *dialogue, communication, connotation, style, semantics, functional style, aesthetics, pragmatics, image, subtext information.*

Көркөм тексттеги диалог коммуникативдик функция аткарган, кадыресе, турмуш-тиричиликтеги сүйлөшүү стилиндеги диалогдордон кескин айырмаланат. Анткени, көркөм тексттеги диалог коммуникативдик гана кызмат аткарбастан, андан сырткары көркөм эстетикалык функцияны да аткарат. Ушул өңүттөн караганда, көркөм тексттеги диалог логика-прагматикалык жана логика-коммуникативдик бир нече кызматты аткаргандыгы менен мазмундук жактан айырмаланат. Ошондуктан көркөм тексттеги диалог бүтүн бир чыгарманын тулкусуна диалектикалык жактан байланышта болот. Б.а., көркөм тексттеги диалог автордук идеяга, анын тажрыйбасына, чеберчилигине, дүйнө таанымына, чыгармачылык деёгээлине байланыштуу болот. Филология илимдеринин доктору Б.Усубалиев: «Чындыгында эле, диалогдук касиет көркөм чыгарманын табиятында жатат, т.а., ал келечектеги диалогго эсептелинген болот. Кайсы гана акын же жазуучу болбосун чыгарманы жарата баштаганда эле өзүнүн келечектеги окурманы менен талашка түшөт, байланыш-катышта болот. Албетте, мында сүрөткердин маңдайына отуруп алып, аны менен ачык талашка түшкөн реалдуу адамды (окурманды) учуратпайбыз, бул жагынан кадыресе оозеки кептеги диалогдон кескин айырмаланып турат. Анткени оозеки кепте диалогго чыккан тараптагылардын баары реалдуу катышары белгилүү эмеспи. ... Сүрөткер чыгарманы жаратуу менен дүйнөнү, ушул эле маалда өзүн-өзү да ачары белгилүү эмеспи»,- деп белгилеп көрсөтөт [6,71-б.].

Көркөм тексттеги диалогдун табиятын анализдөөдө төмөнкүдөй мисалдарга кайрылабыз.

-Мына сага! Ме! Арам өлгөн айбан! Ушунун баары сенин азабыңдан! Сен болбосоң!.. Баарын кылган сен! Эми сени кое берем, кайда барсаң анда бар, бирок анын алдында кутурткан куртуңду өлтүрүп салбасамбы! Мына сага! Ме! Ач көз айбан! Баары сага аз көрүнөт ээ! Четке чуркайсың ээ! Ал ортодо балдарын алып,кетип калган турбайбы! Менин күнүм эмне болгону менен эч киминдердин ишиңер жок! Эми мен кантип жашадым бу дүйнөдө? Ансыз кантип жашайм? Силерге баары бир болсо, мага да баары бир! Мына сага ошол үчүн кутурган ит! [2, 296-б.].

Эдигейдин ички сезимин, ташкындаган махабатын, жаалданган эмоционалдык абалын жакшы көрүү сезимин, Зарипага болгон сүйүүсүн автор ушул диалог аркылуу ачып берип отурат.

Демек, көркөм тексттеги диалог бүтүн бир чыгарманын мазмунуна, подтексттик идеясына тыгыз байланышта түзүлөт. Тагыраак айтканда, автор көркөм чыгарма аркылуу туюндурайын деген подтексттик идеяларын диалог аркылуу дагы туюндура алат.

Көркөм тексттеги диалог көркөм образ түзүү максатын көздөгөнү менен айырмаланат. Диалог аркылуу образ түзүү, дүйнөнү образдуу чагылдыруу маселеси көркөм чыгармадагы ар түрдүү кырдаалдарды чагылдыруу аркылуу ишке ашат. Көркөм текстте туюндуруулуучу кырдаал диалогдор аркылуу уюшулат. Ошондой эле тескерисинче, көркөм тексттеги диалог аркылуу көркөм чыгармадагы ар түрдүү кырдаалдарды аңдап билүүгө болот.

- Турчу нары! – деди. Анан тескери карап, өзүнчө капалана үшкүрдү. – Аңгиликтен башка колуңардан эмне келет дейсиң?

- Өлсөм өлүп жүргөндүрмүн,- кудайдын башка салганы! Бешенебиз ушул экен – сен, акмак, андан эмне күлөсүң? Көзүм катмак турсун миң жыл так өтсөм да, сага окшогон шүмшүккө кесиримди артканым арткан! [2, 200 б.].

Жогорудагы диалогдо Жамийланын моралдык-психологиялык жактан кыйналып жаткандыгы белгиленет. Жамийланын образын ачуу үчүн автор ушул кырдаалды атайын уюштуруп жатат. Жамийланын жеңил ойлуу эместиги, турмушка болгон көз карашы башка экендиги ушул диалог аркылуу ачылып отурат. Демек, диалог көп кырдуу процессти ишке ашыруучу, көп кырдуу кырдаалды туюндуруучу касиетке ээ.

Диалог көркөм текстте полифункционалдуу касиетке ээ болот:

а) көркөм тексттеги диалог баяндап жаткан кырдаалдын бүтүндөй өзгөчөлүктөрүн жана ошол кырдаалда диалогго катышкан каармандардын образын ачып, туюндурат,

б) диалог көркөм чыгарманын жалпы идеясы менен диалектикалык карым-катнашты түзөт, гармонияны түзөт,

в) көркөм тексттеги диалог подтексттик информацияны туюндурат.

- Тууганым абзий, - деп тилмечке карады,- айтчы, айланайын төрөгө, бирдеме деп күбөнама жазып таштап кетсин, антпесе биздин эл, өзүңдүн кабарың бардыр, тентек эл, ар кандай сөз чыгышы ыктымал, мен алардын оозун жабайын нары да артыңардан дагы башка төрөлөр келип калышы мүмкүн, жаман айтпай жакшы жок, алар кандай кабак менен келишет, аларга көрсөткөндөй болоюн! [3,385-б.]

Ушул чакан диалогдо 19-кылымдын ортосундагы кыргыз коомчулугундагы социалдык-психологиялык атмосфера, сабатсыздык күч алып турган кырдаалды, кош эзүүдө калган элдин жашоо-шарты кыйытылып туюндурулуп жатат. Экинчиден, диалогдун катышуучусу Абил бийдин алдым-жуттум, көрөгөч, сезимтал, өзүмчүл, дайыма өзүнүн жеке кызыкчылыгын ойлогон, бардык ишти өзүнүн жеке кызыкчылыгынан туруп чечкен, нысапсыз образын түзүүгө катышып жатат. Демек, бул чакан көркөм тексттеги диалог каармандардын образын, андагы негизги деталдарды кыйыр түрдө туюндурууга катышты. Өз кызыкчылыктарына байланыштуу бийликти кандай амал менен болсо дагы узак мөөнөткө сактап калуу далалаты бар. Абил бийдин образы - амалдуу, куу, кыянатчыл, акылдуу адамдын образы. Ушул эле чакан диалог «Сынган кылыч» романындагы жалпы көркөм идеяны, тагыраак айтканда, 19-кылымдын ортосунда кыргыздардын Россияга күч менен кошулуу жагдайын сүрөттөө идеясына диалектикалык жактан тыгыз карым-катнашта түзүлгөн. Ошентип, көркөм тексттеги диалог бир эле учурда полифункционалдуу касиетке ээ болот. Мындан сырткары көркөм тексттеги диалог окурманга эстетикалык таасир этүү кызматын аткарып турат, т. а., 19-кылымда карапайым элди амалдуу, зулум Абил бий сыяктуу ташбоор, кыянатчыл адамдардын башкарып, эзип турган социалдык кырдаалын кыйыр туюндурган ушул диалог аркылуу билүүгө болот. Ушул жагдай окурманга эстетикалык таасир этүү кызматын аткарып турат.

Көркөм тексттеги диалог, кадыресе диалогдон автор тарабынан иштелип чыккандыгы менен да айырмаланып турат. Көркөм чыгармадагы диалог – каармандардын речин мүнөздөөнүн эң кеңири түрүнөн, диалог бардык эле жанрдагы чыгармаларда бар, өзгөчө ал драмада окуяны өнүктүрүүнүн каражаты катарында негизги ролду ойнойт. Ч.Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасындагы каармандардын кептик өзгөчөлүктөрүн адабиятчы Келдибай кызы Майрам төмөнкүдөй талдоого алган: «Драмадагы каармандардын диалогуна маани бере турган болсок, кимдин ким экенин дааналап биле алабыз. Төмөнкү диалогдон эки каармандын жашоо принциптери, көз караштары, мүнөздөрү таптакыр эки башка экенин байкоого болот.

Иосиф Татаевич (күлүмсүрөп Мамбетке). Ой, баатыр, сен дагы үйдө жатып, жоо саярлардын бири экенсиң, тетиги чокунун башында турган илимге эмне тиешең бар сенин?

Мамбет. Эмне үчүн менин тиешем жок? Мен – тарых мугалимимин. Ошол үчүн бүт өмүрүмдү, бүт күчүмдү жумшап, окуткан балдарга – тарых деген жалаң гана согуштардын хронологиясы эмес, эзелтен берки турмуш мектеби экенин үйрөтөм. Өзүң айткан интернационализм, так ошол кыйын тарыхтын аркасында адамзаттын тапкан улуу тажрыйбасы экенин да үйрөтөм. Сага окшоп, улуу нерсени кичиртип, интернационализмди жалаң гана аргындашуу маселесине алып келип такабас элем.

Иосиф Татаевич. Тизгиниңди тарт, баатыр. Бу жер – сенин мектебиң эмес, аны биз деле билебиз.

Мамбет. Макул эле дейли, бирок түшүндүрүп берчи, сенин илимге кошкон салымың эмнеде? Сенин диссертацияң болбогондо, тарых илими эңшерилип калмакпы? Эгерде сен «ошентмек» десең: сүрөтүңдү Конрад менен Бартольддун катарына илейин.

Иосиф Татаевич. Сенин провокаторлук сурооңо жооп берүүчү дөөпөрөстөрдөн эмесмин. Кимдин ким экенин турмуш өзү көрсөтөт, баатыр! Андан көрө өзүң жооп берчи, кана. Сага жакпаганы ушул турмушпу, же өзүң ылайык келбей турасыңбы бу турмушка?

Мамбет. Сурооң жөнөкөй суроолордон эмес...

Иосиф Татаевич. Тайсалдаба, тайсалдаба.

Мамбет. Болуптур, болуптур. Ак сөздөн мен да качпайм... Турмуш жакпайт эмес, бу турмуштагы сага окшогон адамдар жакпайт мага. Керт башынын кызыкчылыгын көздөп, мансап кууп, илимди топ таштай ойноткон Өсүпбайлар жат мага... ыраазысыңбы жообума?

Иосиф Татаевич. Баракелде, баракелде... бирок суроого толук жооп бере албай койдуң, түшүнбөй калдың окшойт. Жөнөкөйлөтүп сурайынчы. Ушул турмуштан, адамдардан күткөнүң эмне, тилегениң эмне?

Мамбет. Чындык, мээрмандык, махабат... [7, 428-429]

Жогорудагы диалогдордон Осипбай менен Мамбеттин бири-биринен түп тамырынан бери айырмаланып турган адамдар экенин байкайбыз. Осипбай бардык нерсеге, жадагалса илимге да ат үстүнөн мамиле кылган, мансабы, керт башынын кызыкчылыгы үчүн гана «күйүп-бышкан» адам. Ал эми Мамбет болсо, өз ишин чын ыкласы менен аткарган жөнөкөй мугалим. Анын оюнда өзү окуткан окуучулары жазуучу, илимпоз болушпаса мейли, абийирдүү адамдар болсо болду. Анын бул сөздөрү эң бийик адамгерчилик сапатын аныктап турат. Экөөнүн ортосундагы диалог жөн гана кайым айтышуу эмес, мүнөздөрдүн кагылышы. Иосиф Татаевич өзүн дайыма эң билимдүү кылып көрсөткүсү келет, элдин көзүнө дайыма маданияттуу көрүнгүсү келет». [8. 133-б.]

Көркөм тексттеги диалогдун коммуникативдик структурасы прагматикалык 2 багытта түзүлөт:

Каарман менен каармандын бири-бирине карата иш-аракети чагылдырылат.

Автор менен окурмандын ортосундагы карым-катнаш туюндурулат, тагыраак айтканда, автор көркөм диалог аркылуу окурманга таасир этет.

- Ай, эмне нес болуп калдың? – Андан ары албууттугу кармап, ачуусуна алы жетпей калды. – Эмне эле кежейип калгансың? Экөөбүзгө кежейгенди ким коюптур, шордуу жаным! Эшиктеги кишилердин алдында сен кимсиң? Тигине Орозкулга келген кишилерди көрүп алчы. [2;137-б.]

Мисалга алынган диалог турмуштук кырдаалды туюндуруп жатат. Момундун мүнөзүн, өзүнүн ордун билбегендигин ж.б. кырдаалды туюндурду.

Диалогдо көркөм текст менен анда туюндурулуп жаткан социалдык кырдаалды чагылдырып турат, тагыраак айтканда, социалдык кырдаалдын көркөм образы дагы диалог аркылуу туюндурулат. Мисалы үркүн кезиндеги диалог (жокчулук), социалдык кырдаалдын образы диалог аркылуу туюндурулат: арман, айрылуу, өкүнүү, туңгуюкка кептелүү, тынымсыз санаркоо, келечектен үмүт үзүү. Адамдардын ортосундагы ынтымак, ажырым, жашоо үчүн күрөш, ар ким өз кызыкчылыгы үчүн кам көрөт. Социалдык кырдаалдын көркөм образы өзгөчө тилдик каражаттар аркылуу туюндурулат. Сөздөрдүн стилдик коннотациясы аркылуу, диалогдогу ыргак, ритм, мелодика, мисалы, «Өх», «Кудай ай», диалогдогу сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнөн, поэтикалуу, романтикалуу, оң жана терс сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн орун тартиби өзгөрүлөт. Ошол аркылуу көркөм образ ачылат. Көркөм образ аркылуу социалдык кырдаалдын образы жаралат. Мисалы, Бостондун образы – советтик адамдын образы. Диалогдогу турмуштук предметтер аркылуу да (тебетей, жоолук, чүкө, портсигар, мүштөк, жамаачы шым, самоор ж.б.) доордун көркөм образы туюндурулат. Диалогдогу подтексттик информация дагы социалдык кырдаалдын көркөм образын туюндурат.

– Мен сени ооруп калдыбы десем... – Султанмураттын үнү титирей түштү.

Мырзагүл ага жооп берген жок, бир гана:

– Мына, - деди да, төрт бүктөлгөн жүзаарчы берди. – Сага! [2;244-бет] Берилген диалогдо жүзаарчы аркылуу Мырзагүлдүн Султанмуратка болгон сезими туюндурулуп жатат. Жүзаарчы – мезгилдин, доордун өзгөчөлүгү, предмети. Себеби кыздар ашыктарына жүзаарчыны өз колдору менен сайып беришкен, сезимдерин ошентип билдиришкен.

Б.Усубалиев белгилегендей: «Бүтүндөй бир чыгарма – бул диалог, болгондо да өзгөчө диалог, анткени ал – суроо жана ошол эле маалда жооп да. Көркөм кепте сөзгө жан киргизген негизги өбөлгөлөрдүн бири – бул диалог» [6;71-б.].

Жыйынтыктап айтканда, көркөм тексттеги диалог ага катышкан каармандардын деңгээлин, социалдык, моралдык, психологиялык, интеллектуалдык бүтүндөй өзгөчөлүктөрүн, коомдогу социалдык-психологиялык кырдаалды ар тараптуу туюндуруп турат.

Адабияттар

1. *Азыркы кыргыз адабий тили. -Б., 2009.*
2. *Айтматов Ч.Т. Чыгармаларынын 8 томдугу. -Б., 2009.*
3. *Касымбеков Т. Чыгармаларынын томдугу. -Б., 2012.*
4. *Маразыков Т.С. Тексттин стилдик түзүлүшү. -Б., 2014.*
5. *Нормурзоева Н.З. Выражение языковой личности в художественном диалоге. С.- 2012*
6. *Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. –Б., 1994.*
7. *Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. 3-том. –Б.: Бийиктик, 2008.*
8. *Келдибай кызы М. «Фудзиямада кадыр түн» драмасында Чыңгыз Айтматовдун конфликт, мүнөз түзүү чеберчилиги. // К.Карасаев атын. БГУ. Кыргыз тили жана адабияты. -Б., 2011. №19. 132-134-б*